КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУ

ЖЕКЕНДИ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧОҢ-АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЖЕКЕНДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Жекенди айылдык Кеңешинин депутаттарын сегизинчи чакырылышынын кезексиз он алтынчы сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 7-сентябрь № 41 Кара-Мык айылы

Жекенди айыл аймагына караштуу Кара-Мык айылындагы № 5-07-03-1002-0823 сандуу идентификациялык коду менен катталган жеке менчик жер аянттын бир категориядан экинчи категорияга которуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 4-ноябрь № 665 Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү жобону бекитүү тууралуу токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34-39-беренесине ылайык, Жекенди айыл өкмөтүнүн башчысы З.Исмаиловдун Кара-Мык айылынын тургуну Турдукулов Базарбайдын № 5-07-03-1002-0823 сандуу идентификациялык коду менен катталган 100 м.кв жеке менчик жер аянтынын максатуу багытын “өнөр жайга” которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндөгү сунушун угуп жана талкуулап, Жекенди айылдык кеңеши депутаттарын сегизинчи чакырылышынын кезектеги онунчу сессиясы **токтом кылат:**

1. Жекенди айыл аймагына караштуу Кара-Мык айылынын тургуну Турдукулов Базарбайдын № 5-07-03-1002-0823 сандуу идентификациялык коду менен катталган 100 м.кв жеке менчик жер аянтынын максатуу багытын “өнөр жайга” которууга (дүкөн салууга) уруксат берилсин.

2.Тийиштүү документтерин бүтүрүп берүү жагы Жекенди айыл өкмөтүнүн башчысы З.Исмаиловго жана жер маселелери боюнча башкы адис А.Маматовго милдеттендирилсин.

3. Бул токтом расмий булактарга жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Жекенди айылдык кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоодон өткөрүшсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн тиешелүү Ош юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.

5.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Жекенди айылдык кеңешинин агрардык маселелер, азык-түлүк жана экология, жер жана жер реформасы боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Зикир уулу Мухаммедыканга жүктөлсүн.

Төрага **А.Амирбеков**